КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ
Ishak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма алтынчы сессиясы**

**29.05. 2023-жыл. ТОКТОМ №85 Жеңиш айылы**

**Жер мунапысынын субъектисине бекитилүүчү жер участогунун чектик өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин, Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Б.Коргонбаевдин 23.05.2023-ж.№01-17/1296, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 23-майындагы № 259 катында белгиленген маселелерди талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 18.10.2022-жылдагы "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу" №291 токтому аткарууга алынсын.

2. Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Б.Коргонбаевдин 23.05.2023-ж.№01-17/1296, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 23-майындагы № 259 сунуш каттары эске алынсын.

3. Исхак-Полотхан айыл аймагында мыйзамсыз курулган турак-жайларга жер мунапысынын субъектине бекитилип берилүүчү жер участогунун чектик өлчөмдөрү төмөнкүдөдөй аныкталсын:

-таштак жайыттар үчүн чектик өлчөмү 0,10 га;
-сугат жерлерге- 0,04 га;

4. Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма алтынчы сессиясы**

**29.05. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №86** **Жеңиш айылы**

**”Халмион айыл аймагындагы мыйзамсыз өз алдынча куруп алган турак жайларды жана жерлерди мыйзамдаштыруу жөнүндөгү” 27.01.2022-жылдагы №23 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Халмион айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2022-жылдын 27-январындагы Халмион айыл аймагындагы мыйзамсыз өз алдынча куруп алган турак жайларды жана жерлерди мыйзамдаштыруу жөнүндөгү №23 токтомуна өзгөртүү киргизилсин.

2.Жогоруда аталган токтомдун 2-пунктуна төмөнкудөй өзгөртүү киргизилсин: Исхак-Полотхан айыл аймагы боюнча мыйзамсыз турак-жайлар курулган жер мунапысынын субъектине бекитилип берилүүчү жалпы жер аянтын турак жай категориясына которуу, жер мунапысы боюнча комиссиянын корутундусуна ылайык мыйзамдаштыруу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма алтынчы сессиясы**

**29.05. 2023-жыл. ТОКТОМ № 87 Жеңиш айылы**

**Исхак-Полотхан айылаймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын жашоочулары: М.Бегалиевдин, А.Абдибайитовдун. Ш.Эркебаевдин, А.Жалаловдун, Якубжан уулу Розимухаммаддин, Али уулу Адилеттин, Э. Жаныбаевдин, Т.Матмусаевдин арыздары эске алынсын.

2. Азык түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн эт жана жумуртка багытында тоок фермаларын уюштуруу үчүн айыл-чарбасына жараксыз таштак жайыттардан 5,0 га жер аянтынын багытын өзгөртүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) сунушталсын.

3. Токтомду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж. Дыкановго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

5. 5.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезексиз жыйырма алтынчы сессиясы**

**29.05. 2023-жыл. ТОКТОМ № 88 Жеңиш айылы**

**Исхак-Полотхан айыл аймагы боюнча турак-жай куруу үчүн жеке жактардын менчигине берилүүчү жер участокторунун чектик өлчөмдөрүн аныктоо жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясына сунушталган Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине ылайык Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исхак-Полотхан айыл аймагы боюнча турак-жай куруу үчүн жеке жактардын менчигине берилүүчү жер участокторунун чектик өлчөмү 0,10 га деп аныкталсын.

2. Токтомду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аткарууга алуу жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. 5.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**